**Көркөм өнөр жана дене тарбия кафедрасынын**

**“Адам жана табият” деген темада интегралдаштарылып өткөрүүлүүчү сабактын планы.**

**Сабактын темасы: Адам жана табият.**

**Сабактын максаты:**

**а**) Табиятта кездешкен ар бир кубулуштун жана жаратылыштагы сулуулуктар, көркөм дүйнө таанымын сезүү менен, ал кооздукту илимий жол менен түшүндүрмө берүүсүнө жетишүү.

Эмоциялык баалуулук жана музыкалык эстетикалык компетенттүүлүккө ээ болуусу.

Б) Табияттагы кооздуктарды жаратылыштагы кездешкен өсүмдүктөрдү кол өнөрчүлүк аркылуу, геометриялык фигуралардын кездешуусу жана дене тарбия кыймылдары, жоокердик кыймылдар о.э музыка аркылуу билим жана билгичтигин өнүктүрүү.

В) Окуучуларды табият менен таттуу мамиледе болуп, өз жерибиздин ар бир жаратылышын көздун карегинде сактап, мекенди сүйүүгө тарбиялоо.

**Сабактын формасы:** Интегралдашкан сабак.

**Сабактын жабдылышы:** Видео проетор, доска, көрсөтмө куралдар, чиймелер, ар түрдүү түстүү кагаздар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** Сабак актовый залда өтулөт. Жалпы окуучулар, мугалимдер менен саламдашып, бүгункү сабактын өзгөчөлүгүн түшундүрүү менен, сабактын темасы жана максаты менен тааныштырып өтүү.

Сабакты өтүүчү мугалимдер менен жана кайсы предметтер бугункү сабакта байланышып, кандай ирээтте өтүлөрү тааныштырылат.

Жаз мезгили келип, жер ойгонуп, кун жылып, бүчүрлөр байлай баштап, жылуу жактан чымчыктар учуп келип, жаратышыш кооздукка бөлөнө баштайт. Мына ошол жаратылыштагы кооздуктарды бүгүн биз кол өнөрчүлүк сабагы аркылуу, чийүү, дене тарбия, АЧД , музыка сабактары менен бирдикте сезебиз, туябыз жана үйрөнөбүз балдар. Анткени бизди курчап турган табият биздин жашообуздун эң негизги бөлүгү экендигин унутпашыбыз керек.

Ошондуктан ушул теманы тандап алдык.

(3минуттук видео ролик коюлат)

1- **Султаналиева Зина эже**.(көркөм өнөр мугалими)

2- **Кашкороева Лунара** (көркөм өнөр мугалими)

Тема: Гиацинт гулун гафри кагазы менен жасоо.

Гул өстүрүүнүн ыкмалары.( Идиш гүлдөрүн отургузуу.практика жүзүндө)

Жалпы залдагы балдар менен гулду жасоонун технологиясын үйрөтүп, ошол жерде практикалык иш алып барат.

Кутулүүчү натыйжа: 1.Тусту тандай алышат.

2.Эскиздерди кесип, чаптап композиция тузө алышат.

3.Чыгармачылык менен иштейт.

Мына ушул иш аракеттерге 15 минут берилет.

**3- Жапаров Жумамудун**. (чийүү мугалими)

**Тема:** Геометриялык фигуралардын табият менен байланышы.

Зина эжейдин оюн андан ары улап, агай гүлдөрдүн геометриялык фигуралар менен байланыштыгын түшундуруп, окуучулар даярдап келген схемаларын сахнада далилдеп, оозеки анализдеп беришет.

--Геометриялык фигуралар канчага бөлүнөт?

--Фигураларды көз алдыга келтирип анализди кандайча жүргүзөбүз?

--Үч проекцияда кантип табабыз?

Сабактын журүшү: Геометриялык фигураларды анализ жасап, элестөө жана логикалык ой жүгүртуп, анализ боюнча чиймелерди аткаруу үчүн проэкциялардын жайгашышын билүүбүз жана аны аткаруубуз керек.

Проэкция- бул көлөкө, сүрөттөлүш.

V(вэ),Н(аш),w(дубль бе) проэкциялар аркылуу х, у огун түзүп аткарабыз.

Z-бийиктиги, Х-узундугу, У- туурасы. Ал эми “Адам жана табият темасына” геометриялык фигуралар эң кеңири кездешет.М: Бак дарактар, тоо таштар, өсүмдүктөр. Демек адам баласын курчап турган табиятта жана жашоосунда колдонгон буюмдарын да кездештире алабыз.

Ошонун негизинде геометриялык фигуралар аркылуу жаратышытагы эң кооз гулдөрдун бири “Рамашка” гулун жасап, схемасын жактап беребиз.(10минут)

4- **Кадыркулов Нурдин** ( Дене тарбия мугалими)

Тема: Дене тарбия көнүгүүлөрүнүн табият менен байланышы.

Максаты: Ар түрдүү бий кыймылдары аркылуу жаратышыты сүрөттөө.

Гимнастикалык көнүгүүлөр, шамаалдын ыргагында кыздардын бий кыймылдары менен гүлдун образын берүү.

Байыркы замандан бери олимпиадалык оюндарда ар турдуу кыймылдар жашоо турмуштан алынып, дене мүчөлөрдү машыктырып, ден соолукка кам көрүп келишкен. Мисалы: чуркоо, кол үчүн, бут үчүн, баш үчун деги эле ар бир мүчөгө ылайыктуу көнүгүүлөр жашоо турмуштан, эмгектен. Жаратылышка кам көрүүдон алынган.

Беш планетанын өндөрун түшүндүрүп, кыздар лента менен гимнастикалык кыймылдар аркылуу олимпиадалык шариктерди жасашат.( 7-10 минут)

5- **Орозбаев Азат** ( АЧД сабагыны мугалими)

**Тема:** Жеке саптык даярдык.

Мугалим чыгып, жаратылышты, мекенибизди коргоочулардын аскердик кийимдери дагы табият менен шайкеш болуп, душмандардын көзунө урунбас үчун топурактын өнүндөй "бозомтук,( хакки)бак тарактын жашыл өнү берилген. Ал эми атайын даярдыктагы аскерлер жалбырактарды дагы колдонушат. Биздин жоокерлер өз мекенибиздин чегинде болуп, дайым коргоп сактап келебиз.

Саптык көнүгүүлөрдөн ыкмаларды көрсөтүшөт. ( 7 минут)

6- **Сүйүмбай кызы Роза ( Музыка мугалими)**

Сабактын темасы: Музыка дүйнөсунун жаратылыш менен байланышы.

Ар бир добуш , ундор булардын баары жаратылыштан алынган.

Мисалы: Кундун күркүрөшү, шамалдын шуулдаганы, жамгырдын шытыраганы, Чымчыктын сайраганы , таштардын ураганы деги эле койчу ар бир добуш жаратылыштан алынып, ошолордун негизинде музыкадагы негизги добуштар түзүлгөн. До,ре,ми,фа,соль, ля,си, до.

Гамманы ырдатуу, добуштардын созулуштарын : Бүтүн, жарым, чейрек. Сегиздик созулуштарды окуучулар менен ырдоо аныктоо.

Көптөгөн акындар, жазуучулар, сүрөтчүлөр, композиторлор өздөрүнүн чыгармачылык жолун өз эли жери, тууган айылынын кооздугу тууралуу башташкан. Мунун баары бекеринен эмес. Табияттын кооздугу ар бир адамдын жүрөгүнөн өтүп, жашоосу менен байланыштуу экени ар турдүү чыгармалардан , Ырлардан эле байкалат.

Бүгун балдар биз орус композитору Михаил Раухвергердин "көл боюнда" операсынан алынган "Кызгалдак" ырын ырдайбыз.

Бул чыгарманы М.Раухвергер кыргыз жеринде жашап, кыргыздын профессионалдык музыкасын онугушунө чон салым кошуп, чыгармачылыгынын баардыгы кыргыз элинин жашоо турмушунан, кооз жаратылдышына арнаган .

Кызгалдак кандай гул? ( Өтө назик, шамал катуу болсо желекчелери учуп кетет, окуучулар жооп беришет.)

Ырдын тексти таратылып, жалпы катышуучулар менен бирдикте ырдап үйрөнөбүз.

Бул ырда эки терминди колдонобуз крешендо, димуниендо.

**Сабакты жалпылоо:**

Ошенти балдар бүгүнкү сабагыбызда баардык иш аракеттерибиз табият менен байланыштуу экенин түшүндүк. Жаратылыштын коолдугу, тазалыгы демек бул биздин жашообуз, маданиятыбыз, өмүрүбүз экенин тушунуп, ага аяр мамиле кылалы, ал жөнүндө ырларды жараталы, музыка жараталы.